# Тема: Машыгуу сабагы.

**Максаттары:**

1. **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар сөздүн курамы боюнча алган билимдерин тереңдетишет.
2. **Өнүктүрүүчүлүк:** Берилген тапшырмаларды аткаруу менен ой жүгүртүүлөрү, сүйлөө кептери, эске тутуулары, көңүл буруулары өсөт.
3. **Тарбия берүүчүлүк:** Тактыкка, тапкычтыкка, сабырдуулукка тарбияланышат.

**Күтүлүүчү натыйжа:**

- Сөздүн курамы боюнча билимге ээ болушса;
- Берилген тапшырмаларды туура, так аткарып, түшүндүрүп айтып бере алышса;
- Тапшырмаларды аткара алышса;

**Жабдылышы:** китеп, сүрөттөр, класстер, синквейн, карточка жана башкалар.

**Сабактын жүрүшү:** - Уюштуруу (жагымдуу маанай түзүү)

**Саламатсыңарбы балдар!**

Бүгүнкү сабакка кандай даярдык менен келдиңер?

Эшикте аба-ырайы кандай?

Кайсы мезгил, айдын кайсы күнү?

Биздин бүгүнкү сабагыбыздын урааны эмне деп аталат?

**Өткөн сабакты бышыктоо:**

Сөздүн курамы кандай бөлүктөрдөн турат?

Сөздүн маани берүүчү жана жардамчы бөлүктөрү эмне деп аталат?

**Үй тапшырмасын текшерүү:**

Үйгө кайсы тапшырма берилди эле?

Ал тапшырманы ким аткарды? ( Окуучулар 77-беттеги 169-көнүгүүнүн аткарылышын окуп беришет).

**Жаңы сабак:**

Азыр,канча топко бөлүнүп отурасыңар.?

Биринчи топтун аты “Тилек”

Экинчи топтун аты “Үмүт”деп

Тапшырмаларды аткаруу менен **"Тилек"** тобу өзүнөрдүн багынарга алмурут, ал эми "Үмүт" тобу алма топтойт.

Сабакты баштоодон мурда **"Алтын эрежени"** эсибизге салалы.

**" Алтын эреже"**

1.Тынч отуруу.
2.Кол көтөрүп сүйлөө.
3.Башкалардын сөзүн бөлбөө.
4.Бүроонун пикирин сыйлоо.
5.Мугалим биздин ишти багыттап турат.

Демек," Алтын эрежени"сактайбызбы?

1. **Китеп менен иштөө.**

170 – көнүгүү.
Берилишин бир окуучу окуйт.
Текст чынжырча түрүндө окулат.

**Суроолор:**

Дүйнө элдери жаңы жылды кандай тосушат экен?
А, биз жаңы жылды кандай тособуз?
Жаңы жыл дегенде эмнени элестетесиңер?

**Сүрөттөр менен иштөө:**

- Сүрөттөн эмнелерди көрүп турасыңар?
- Силердин айтып бергениңер сүрөттөгүлөр менен байланыштыбы?

**Доскада иштөө:**

( 2 топтон эки окуучу чыгат, сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратышат)
Жыл-ды, биз-дегидей, тос-ушут, кочо-лорго,урун-кандар, тамак-тарды, дос-тукка, бер-ишет.

**2-тапшырма:**

Окуучуларга ар кандай мүчөлөр таркатылат.
Доскадагы Апа, китеп деген уңгу сөздөргө тиешелүү мүчөлөрдү чаптанып, кластер түзүшөт.

**Китеп - китепче, китептин, китепке, китепте,китептер.**
**Апа – апалар, апанын, апасыз, ападан, апага.**

**Эс алуу мөөнөтү:**

Колумдагы манжалар,
Жакшы иштеп жатабы.
Жаңы жазган сабакты,
"Беш" алгандай жазабыз.

Талыкшыды бойлорум,
Чачырап кетти ойлорум.
Эс алдырып койбосом,
Таарынат ко колдорум.

**3-тапшырма: Китеп менен иштоо.**

171-конүгүү ( Берилишин окуучулар окуп чыгат)

Текстти мугалим окуп берет да, түшүнүкторүн сурайт.

**Суроолор:**

- Америкалык окумуштуулар эмнени изилдешкен?
- Гүлдор кандай жерде жакшы осүшот экен?
- Музыка гүлго кандай таасир этет экен?

**Карточка эки топко берилет:**

**1-карточка:**

Америкалык окумуштуулар гүлдордүн тынчтыкта жана каттуу добуш чыккан жерде кандайча осо турганын изилдешкен. Корсо, гүлдор тынч абалда жакшы осүшот экен.

**2- карточка:**

Ошондой эле, жагымдуу музыканын да оң таасир эткенин байкашкан. Осүп турган гүлдү ызы-чуулуу жерге алып барып коюшса, ал он күндон кийин соолуй баштаган.

( Окуучулар бул тексттен биринчи топ уңгу создордүн астын сызат, экинчи топ мүчо улаган создорду таап алдын сызып, түшүндүрүп беришет).

**4-тапшырма: Синквейн түзүү.**

**Ким?** Манас

**Кандай?** Күчтүү, намыской.

**Эмне кылды?** Коргоду, чогултту, согушту.

**Сүйлом?** Манас элдик баатыр.

**Синоним?** Киши.

**Бышыктоо:**

Бүгүнкү сабакта эмнени кылдык?

Сабак жактыбы силерге?

Эмнеси менен жакты?

Эмнени билдиңер?

**Жыйынтыктоо:**

Топтордун чогулткан упайларын санoо, жыйынтыгын чыгаруу.

**Баалоо:** Ар бир окуучу активдүүлүгүно жараша бааланышат.

**Үйго тапшырма:** 78-бет 172-конүгүү.

**1-карточка:**

Америкалык окумуштуулар гүлдөрдүн тынчтыкта жана каттуу добуш чыккан жерде кандайча өсө турганын изилдешкен. Көрсө, гүлдөр тынч абалда жакшы өсүшөт экен.

---

**2- карточка:**

Ошондой эле, жагымдуу музыканын да оң таасир эткенин байкашкан. Өсүп турган гүлдү ызы-чуулуу жерге алып барып коюшса, ал он күндөн кийин соолуй баштаган.

---







